**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЭКОНОМИКА ЖАНА ИШКЕРДИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.08.15.510 ведомстволор аралык диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*

УДК: 658.06.012.5

**Астанова Саламат Ураимовна**

# ОШ ОБЛУСУНДА АЯЛДАР ИШКЕРДИГИНЕ КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ СИСТЕМАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу
(ишкердиктин экономикасы)

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Ош - 2017**

Диссертациялык иш М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин «Экономика жана бизнес» кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | экономика илимдеринин доктору, доцент<br>**Кулуева Чинара Раимкуловна** |
| **Расмий оппоненттер:** | экономика илимдеринин доктору, профессор<br>**Зулпукаров Аманкул Зулпукарович** |
| | экономика илимдеринин кандидаты, доцент<br>**Гыязов Айдар Токторович** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин “Экономика” кафедрасы, дареги: 722040, Бишкек ш., Жибек-Жолу көчөсү, 394 |

Диссертациялык иш 2017-жылдын 1-апрелинде саат 14-00дө Ош мамлекеттик университети жана Экономика жана ишкердик университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К. 08.15.510 ведомстволор аралык диссертациялык кеңешинде корголот. Дареги: 723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, А. Масалиев кең көчөсү, 80.

Диссертация менен Ош мамлекеттик университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331.

Автореферат 2017-жылдын 1-март айында таркатылды.

**К.08.15.510 диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы э.и.д., доцент:** **Убайдуллаев М.Б.**

# ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык реформалар, өлкөнүн рынок экономикасына өтүшү мурунку экономикалык түзүмдүн бузулушуна алып келди. Экономикалык өзгөрүүлөр эмгек жана калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө да өзгөрүүлөрдү пайда кылды: калктын кирешелери азайып, жумушсуздуктун, жакырчылыктын деңгээли жогорулады, жашоо деңгээли төмөндөп, калктын катмарларга ажырашы күчөдү. Аялдардын абалына теоретиктер менен практиктердин көңүл бурушунун күчөшүнө реформалоо процессинде алардын эмгек жана эне милдеттерин айкаштырышынын татаалдашы себеп болду. Аялдардын экономикалык, физикалык, психикалык абалы өлкөнүн киши потенциалынын сапатын аныктайт.

Кыргыз Республикасында 2015-жылы аялдар 15 жаштан 72 жашка чейинки калктын 50,5% жана иштеген жарандардын 49,2% түздү. Бирок иш менен камсыз болгон аялдардын үлүшү азайып баратканы өкүнүчтүү. 2010-2015-жылдары иштегендердин 9,5% ишин жоготкон болсо, анын 45,6% аялдар түзгөн. Аялдар квалификациясы жана баалуулугу төмөн эмгек чөйрөлөрүнө сүрүлүүдө. Аялдардын расмий катталган жумушсуздук көрсөткүчү эркектердикине караганда жогору. Эмгек рыногунда аялдардын атаандаштыкка жарамдуулугу эркектерге салыштырмалуу төмөн, аялдарга жаңы жумуш табуу эркектерге салыштырмалуу оор.

Аялдарды иш менен камсыздоо көйгөйлөрү менен кошо дагы бир аз изилденген чөйрө болуп аялдардын ишкердиги эсептелет. Ишкердик эмгектин өзгөчө түрү, анткени ишкер чыгармачылыкты, уюштуруучулук жана менеджердик жөндөмдүүлүккө ээ болуу менен бирге муктаждыкты көрө билүү, аларды сапаттуу канааттандыруу аркылуу өзүнө экономикалык пайда чыгарууну көздөйт. Демек, ишкердик - бул экономиканын ар кандай тармактарында муктаждыктарды сапаттуу жана өз убагында канааттандыруу менен пайда табууну көздөгөн комплекстүү иш-чаралар.

Ишкердик билимдүүлүктү, жаңы ыкмаларды колдонууну жана ошол эле учурда тобокелчиликти, алдын-ала божомолдоону талап кылат. Аялдардын ишкердиги учурда эркектердикине караганда бир топ артта калууда. Муну объективдүү себептер менен, мисалы, аялдардын физиологиялык түзүлүшү, үй-тиричилик маселелери менен алектениши жана башка себептер менен түшүндүрүүгө болот. Бирок аялдардын ишкердигин өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөр аз эмес экендигин белгилей кетүү зарыл.

Аялдардын ишкердигин изилдөөдө регионалдык факторлор чоң роль ойнойт, анткени республиканын территориясы административдик аймактарга расмий түрдө бөлүнгөн жана ар бир аймакта системдүү түрдө башкаруучу өз алдынча башкаруу органдары бар. Биздин изилдөө Ош облусунун мисалында жүргүзүлдү. Биз облус жана шаар боюнча тиешелүү деңгээлде илимий жана практикалык жыйынтыктарды чыгарууга толук негиз бар деп эсептейбиз.

Анткен менен республикада жана чөлкөмдөрдө аялдар ишкердиги маселелери теориялык, методологиялык жактан жана практика жүзүндө жетишээрлик деңгээлде изилденбей жатат, бул жаатта илимий макалалар жана монографиялар жокко эсе.

Мунун баары илимий теманы тандоого негиз түздү жана изилдөөнү жүргүзүүгө түрткү берди.

**Диссертациялык иштин темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөө демилгелүү болуу менен, иштин темасы Кыргызстандагы жалпы илимий жана мамлекеттик изилдөө программаларына шайкеш келет. Ошондой эле, диссертациялык иш 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, 2020-жылга чейинки экономикалык өнүгүүнүн инновациялык модернизациясынын стратегиясы жана 2035-жылга чейинки экономикалык өнүгүүнүн инновациялык модернизациясынын концепциясы менен тыгыз байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты аймактагы аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүү системасын өнүктүрүү жолдорун иштеп чыгуу. Коюлган максатка жетүү үчүн изилдөөдө төмөнкү маселелер аныкталды:

- ишкердиктин маңызын, мазмунун жана теориялык негиздерин изилдөө;
- ишкердиктин иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү спецификалык мүнөздөмөлөрүн аныктоо;
- аялдар ишкердигинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана ага (ишкердикке) таасир этүүчү факторлорду тактоо;
- региондогу аялдардын ишкердигинин учурдагы абалын талдоо жана бул багыттагы тенденцияларды аныктоонун негизинде ишкердикти өркүндөтүү жолдорун жана ыкмаларын иштеп чыгуу;
- аялдар ишкердигинин өнүгүүсүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнү жакшыртуу жолдорун сунуштоо;
- региондогу аялдар ишкердигинин алгылыктуу багыттарын иштеп чыгуу;
- өнүгүү фондун түзүү аркылуу аялдардын ишкердигинин өсүү моделин сунуштоо.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы төмөнкүлөрдөн турат:**

- ишкердикти изилдеген окумуштуулардын теориялык жана методологиялык эмгектерине таянуу менен ишкердиктин мазмунуна жана маңызына учурдун талабына ылайык айрым тактоолорду (тагыраак айтканда ишкердиктин максаты боюнча) киргизүү;
- ишкердикти иш менен камсыз болуунун спецификалык жолу катары эсептөө менен ишкердиктин чыгармачылык, рыноктогу изденүү, пайда табуу жана башка мүнөздөрүн аныктоо;
- ишкердикке анын натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында таасир этүүчү факторлорду изилдөө жана аларды системалаштыруу;
- аялдар ишкердигинин учурдагы абалын талдоонун негизинде ишкердикти өнүктүрүүнүн резервдерин жана жолдорун аныктоо;
- аялдардын ишкердигине мамлекеттик колдоо көрсөтүү системасын изилдеп, анын эң натыйжалуу багыттарын тандап алуу;
- ишкердикти өркүндөтүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктоо;
- аялдардын ишкердигин атайын фонд түзүү аркылуу моделдештирүү.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси** анын жыйынтыктары аялдарды иш менен камсыз кылуу жаатындагы мындан аркы изилдөөлөр үчүн методологиялык негиз катары колдонулушу мүмкүн экендигинде.

Иште жасалган практикалык сунуштар аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүүнүн мамлекеттик жана регионалдык программаларын иштеп чыгууда колдонулуп, аялдардын эмгек рыногундагы жана иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү абалын жакшыртуу стратегиясын аныктоодо пайдаланса болот.

Диссертациялык изилдөөдөн алынган жыйынтыктар менен сунуштар «Ишкердиктин экономикасы» курсу боюнча лекцияларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн экономикалык баалуулугу.** Изилдөө натыйжалары азыркы илимдин регионалдык экономикага тийгизген таасири жөнүндөгү теорияны жана методологияны өнүктүрүп, түшүнүк жана аналитика аппаратын кеңейтет. Изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар аймактын алкагында чакан ишканаларды башкаруунун экономикалык механизмдеринин негизги жоболорун тактайт жана толуктайт.

Изилдөөдө сунуш кылынган чакан ишканаларды регионалдык башкаруу модели, ишкердикти модернизациялоону жана өзгөрүүлөрдү изилдөөгө комплекстүү кароого мүмкүнчүлүк түзөт.

**Диссертациянын коргоого сунушталган негизги жоболору:**

1. Азыркы шарттарда эмгек жана иш менен камсыз кылуу чөйрөлөрүндө аялдарды дискриминациялоо белгилеринин болушу
2. Иш менен камсыз кылуу саясатын калыптандырууда гендердик көз карашты пайдалануу зарылдыгы
3. Аялдар ишкердигин өнүктүрүү үчүн объективдүү өбөлгөлөрдүн болушу
4. Чакан бизнес чөйрөсүндө аялдар ишкердигине мамлекеттик колдоо көрсөтүү зарылдыгы.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертант тарабынан Кыргыз Республикасында, анын ичинен Ош облусунда аялдар ишкердигинин өнүгүшүнө шарт түзгөн теориялык жана методологиялык материалдар жалпыланды жана системага салынды. Аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүү системасы анын аймактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен изилденди, айыл жерлеринде аялдар ишкердигин өнүктүрүүнүн оптималдуу параметрлери иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги жоболору боюнча автор тарабынан: «Новое слово в науке: перспективы развития» II эл аралык илимий-практикалык конференциясында (Чебоксары, 2014-ж.), "Тенденции Евразийской экономикалык интеграции: проблемы, реалии и перспективы" эл аралык конференциясында (ОшМУ, Кыргыз Республикасы, 2016-ж. 24-27-ноябры) баяндама жасалды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн натыйжалары автордун илимий эмгектер жыйнактарында жарык көргөн жалпы көлөмү 3,6 б.т. түзгөн 10 басма иштеринде чагылдырылды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертациянын көлөмү 188 баракты түзүп, киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган булактардын тизмесинен турат. Анда 16 таблица жана 13 сүрөт бар. 172 аталыштагы колдонулган булактардын тизмеси берилди.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн максаты жана маселелери, түзүлүшү чагылдырылып, диссертациянын темасынын актуалдуулугу негизделди.

**Биринчи бөлүм «Ишкердикти уюштуруунун теориялык-методологиялык негиздери»** деп аталып, анда ишкердиктин маңызы жана мазмуну; иш менен камсыз кылуунун спецификалык чөйрөсү катары ишкердиктин мүнөздөмөлөрү; аялдар ишкердигинин өзгөчөлүктөрү жана аны өнүгүшүнө таасирин тийгизүүчү факторлор каралды.

Экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн негизи болуп калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүн иш менен камсыз кылуу эсептелет. Теориялык жана практикалык жактан алып караганда, эмгек кирешенин негизги булагы гана эмес, ар кандай жыргалчылыкты камсыз кылууда негизги күч жана багыт болуп саналат.

Эмгек чөйрөсүндө мааниси өзгөчө чөйрө катары ишкердикти, анын ичинен аялдардын ишкердигин белгилөөгө болот. Ишкердик эмгектин өзгөчө түрү болуп, өзүнө максаттуулукту, чыгармачылыкты, изденүүнү жана натыйжалуулукту камтыйт. Учурда экономикалык адабияттарда ишкердиктин 100дөн ашык аныктамасы бар. Алардын ар бири ишкердиктин кандайдыр-бир тарабын аныктайт. Ишкердикти комплекстүү түрдө чагылдырган аныктамалар да бар.

Биздин оюбузча, ишкердикти жалпы мүнөздөөчү белгилерге анын максаты, маңызы жана натыйжасы кирет. Бул жагынан алганда ар кандай ишкер эң оболу өзүнө пайда чыгаруу максатында жумуш кылат. Анткен менен пайда алуу үчүн ишкер өзүнүн ишмердүүлүгүн рынок талабын сапаттуу, өз убагында канааттандыруу багытында жүргүзүүгө тийиш. Рынок мамилелери негизинен суроо-талапка жооп издегендиктен, ишкердиктин башкы максаты суроо-талаптарды азыраак каражат менен өз убагында канааттандыруу болуп эсептелет.

Аялдардын жалпы эмгек чөйрөсүн мүнөздөө менен бирге алардын ишкердик жагдайларына токтолуу зарыл. Аялдардын ишкердикке болгон мамилеси бир нече өзгөчөлүктөргө ээ. Эң башкысы, жалпы эле ишкердиктин натыйжалуулукту камсыз кылуу максаты аялдардын ишкердигине толугу менен тиешелүү.

Ишкердикти уюштуруу бир нече этаптардан жана бөлүктөрдөн турат. Мындан тышкары, жаш, башкача айтканда ишкердик чөйрөсүнө жаңыдан кадам таштаган кыз-келиндерди, ишкердик чөйрөсүндө тажрыйбасы бар аялдарды жана башка категорияларды бөлүп кароого болот. Ошондой эле аялдарды ишкердикке көз карашы жана аракети боюнча активдүү, орточо жана

башка категорияларга бөлүүгө болот. Мындай категорияларга бөлүү аялдардын ишкердигин объективдүү талдоого жана мүнөздөөгө шарт түзөт.

Эң оболу ишкердиктин ордун жана багыттарын аныктоо керек. Бул ишкердиктин ар кандай мүмкүнчүлүктөрүн алдын-ала аныктоого жардам берет, анткени мүмкүнчүлүктөрдү алдын-ала аныктабай туруп ишкердикке киришүү туура эмес натыйжаларга алып келиши мүмкүн.

Ишкер товарлардын же кызматтардын рыногун жакшы билиши керек, анткени ишкердик негизинен товарларды чыгаруу, сатуу, кызмат көрсөтүү жана башка ушул сыяктуу пайдалуу иштерди жасоо менен байланышкан. Рынокту изилдөө суроо-талаптарды изилдөөнү камтыйт.

Ишкердиктин багытын аныктагандан кийин, эң алгач анын стратегиясын, башкача айтканда келечегин аныктоо талап кылынат. Ишкер учурдагы аткарыла турган жумуштарды эле эмес, ал жумуштардын келечегин жана болочок пайдасын көрө билиши керек. Бул, ишкердик менен алек боло турган аялдын билими, ишке болгон мамилеси аларды аткаруу жолдорун жакшы түшүнүүгө мүмкүндүк берет дегенди билдирет.

Ишкердик чөйрөсүнүн өзөгүн атаандаштыкка жарамдуулук түзөт. Башкача айтканда ишкердик чөйрөсүн атаандаштыктын талаасы катары билүү керек жана атаандаштыктан ийгиликтүү чыгуу маселеси чечүүчү ролду ойнойт. Ушул шартта гана ишкер пайданы көрүүгө ниеттенсе болот.

Жогоруда айтылгандардын негизинде ишкердиктин схема түрүндөгү конструкциясын түзүүгө болот (1-чийме)




1-чийме. Ишкердиктин схемасы
*Булагы: автор тарабынан түзүлгөн*

Жогоруда келтирилген схемага кайрылсак, ишкердик негизинен 7 шарттуу бөлүктөн турат, алар бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, ишкердиктин жалпы конструкциясын түзөт. Бул бөлүктөрдүн ар биринин өзүнчө ролу жана орду бар, бирок алар биргелешкен түрдө гана жалпы ишкердик системасын түзөт.

Аялдар ишкердигин уюштурууда ишкердиктин аялдарга таандык өзгөчөлүктөрүн аныктоо зарыл, анткени аларды эске алуу менен гана ишкердиктин экономикалык натыйжалуулугун камсыздоого болот.

Биздин оюбузча, аялдарды иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечүү жолдорунун негизгилери болуп социалдык жактан багытталганы ишкердикти өнүктүрүү жана аялдарды чакан бизнес чөйрөсүнө тартуу эсептелет.

Ишкердин ушул багыттагы эмгеги чыгармачылык, интеллектуалдык мүнөзгө ээ, уюштуруу чечимдерин издөө жана ишке ашыруу менен байланышкан. Ишкер эмгеги процессинде техникалык, өндүрүштүк жана социалдык-экономикалык маселелер чечилет. Ишкердин эмгеги рынок мамилелерине мүнөздүү тобокелчилик шарттарында гана ишке ашат. Ишкердик жүрүм-турум стилин, ой-жүгүртүү образын аныктайт, анын түзүүчүлөрү болуп демилге, адаттан тышкаркы чечимдерди издөө, масштабдуулук, тобокел, ишке ынтызарлык саналат.

Ишкердик өндүрүштүн бардык факторлору экономикалык өсүү жана керектөөлөрдү канааттандыруу максатында натыйжалуу пайдалануу менен негизделет. Кыргызстандагы ишкердиктин негизги функциясы товарларды, кызматтарды, жумуштарды өндүрүү, конкреттүү керектөөчүлөргө жеткирүү жана андан алынган материалдык жана моралдык канааттанууда турат.

Демек, ишкердик эки багытта кызмат кылат. Бир жагынан ишкер өзүнө пайда алуу менен алек болсо, экинчи жагынан пайда алуу үчүн жумушчу күчтөрдү тартып, аларды иш менен камсыз кылуу менен алектенет.

Ата мекендик окумуштуулар тарабынан ишкердик экономикалык көз караш жактан каралып, ишкердин карамагында болгон ресурстардын максималдуу киреше алып келүүнү камсыз кыла тургандай комбинациясын издөөсү катары чечмеленет. Ишкердиктин максаты продукцияны (жумуштарды, кызматтарды) сатуудан алынган кирешенин чыгымдарды жапкандан ашыгы катары пайда алуу болуп саналат. Бул аныктама ишкердиктин бир гана экономикалык тарабын камтыйт. Коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабында, биздин оюбузча, социалдык-экономикалык көз караш талап кылынат.

Ишкердиктин негизги белгиси кирешени мүмкүн болушунча көбөйтүү экендиги талашсыз, бирок ишкердик экономикалык пайда алуу менен эле чектелбейт. Иш менен камсыз кылуунун бул формасынын даана байкалган социалдык аспектилери бар. Биринчиден, билимдерди, жөндөмдүүлүктү жана шыкты пайдалануу гана эмес, ишкердикте ыкманы тандоо эркиндиги да жогору. Белгилей турган нерсе, базар экономикасы шарттарында ишкердиктин маанилүү мүнөздөмөсү катары коомдогу жалпы юридикалык нормалар менен гана чектелген экономикалык эркиндик кызмат кылат.

Тактап айтканда, ишкердиктин басымдуу бөлүгү расмий уюшулган ишканалар аркылуу өзгөчө кичи жана жеке формадагы ишканалар аркылуу ишке ашат.

Азыркы экономикадагы чакан ишкердиктин функцияларын шарттуу түрдө эки топко: экономикалык жана социалдык топторго бөлүүгө болот (2-чийме).




2-чийме. Ишкердиктин экономикалык-социалдык функциялары
*Булагы: автор тарабынан түзүлгөн*

Келтирилген функциялардын арасынан ишкердин өндүрүштүк жана инновациялык функцияларын өзгөчө мааниге ээ деп айтууга болот. Анткени, ишкердиктин негизги максаты болуп өндүрүштү жандандыруу, рынокко керектүү товарларды чыгаруу жана кызматтарды аткаруу эсептелет. Ал эми инновациялык функция ишкердикти жүргүзүүнүн маңызын түзөт. Бул ишкердик процессинин ар дайым изденүүгө, жаңылыктарды киргизүүгө багытталышын шарттайт.

Аялдардын ишкердик чөйрөсүнө кайрылсак, анда ага таасирин тийгизүүчү ички жана тышкы факторлорду бөлүп кароо зарыл. Алардын ар

биринин аялдардын ишкердигине таасир берүүсү диссертациялык иште кеңири чечмеленди.

Мындан тышкары, ишкердик чөйрөсүндө аялдардын жаш курагы менен бирге билим деңгээли да өтө маанилүү. Билим алуу ишкердин калыптануу процессинде маанилүү роль ойнойт. Ишкерлердин билим деңгээлин изилдөөлөрдүн натыйжаларын талдоо алардын билим деңгээли (эркектердин да, аялдардын да) жалпы элдин билим деңгээлинен жогору экендигин көрсөттү. Бирок, жаш мезгилде алган билим ишкерге өз ишканасын ачууда жана башкарууда талап кылынган билимдерге дайыма эле шайкеш келе бербесин тажрыйба көрсөттү. Изилдөөлөргө ылайык, ишкер-аялдардын билими негизинен гуманитардык типте болуп, бизнеске же техникалык дисциплиналарга анча тиешеси жок, бул жагдай алардын абалын ишкер-эркектерге салыштырмалуу начарлатат.

Ишкер-аялдардын калыптанышына жана өнүгүшүнө эмгек стажы жана иш тажрыйбасы да, айрыкча, аял өзү мурда иштеген ишмердүүлүк чөйрөсүндө иш баштап жаткан болсо, чоң таасирин тийгизет. Мурунку иш тажрыйбасынын таасири ал тажрыйбанын оң же тескери болгонунан да көз каранды. Мурунку жумушунда оң тажрыйбага бай өз облусунда профессионал киши үчүн - ошол эле чөйрөдөгү ишкердик ийгилигине жетишүү деңгээли бир топ жогору.

**Экинчи бөлүмдө «Аялдар ишкердигинин учурдагы абалы жана тенденциялары»** деп аталып, анда Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында аялдар ишкердигинин өзгөчөлүктөрү, өнүгүү жолдору жана анын регионалдык экономикадагы орду; аялдар ишкердигинин уюштуруу түзүмдөрүнүн, масштабынын жана формаларынын учурдагы абалы талданды; айыл жергесиндеги аялдардын ишкердик деңгээлине баа берилди.

Аялдар ишкердигинин абалын талдоодо, эң оболу аялдардын иш менен камсыз болушуна жана эмгек мүнөздөмөлөрүнө кайрылуу керек деп ойлойбуз. Учурда аялдардын жумушсуздугу мамлекет тарабынан жана коом тарабынан татыктуу эсепке алынбай жатат. Айрыкча аялдардын чакан бизнеске катышуусу, алардын ишкердик салымы көп учурда көмүскөдө калат. Чындыгында, аялдардын чакан бизнеске, өзгөчө үй-бүлөлүк же жеке бизнеске салымдары эркектердин салымынан кем эмес.

Учурда дагы бир кеңири жайылган көрүнүш катары аялдардын расмий статистикадан тышкаркы жумуштарын белгилөөгө болот. Буга көчөдө соода жүргүзүү, ар кандай ортомчулук жумуштар, репетитордук билим берүү, кол өнөрчүлүк, кары адамдарды санитардык жактан кароо, үй тиричилигин жүргүзүүдөгү аялдардын жалданма жумушу ж.б. мисал болот.

Мындан тышкары, аялдардын коомдун өнүгүүсүнө эң негизги салымы - бул үй-тиричилик иштерин аткаруу, анын ичинде эң негизгилери - балдарды өстүрүү жана тарбиялоо, тамак-аш жасоо, кийим-кечелерди бүтүн жана таза кармоо ж.б.у.с..

Ал эми аялдардын ишкердигине келсек, ишкер-аялдар өз ишин өнүктүрүү процессинде бул чөйрөгө мүнөздүү кыйынчылыктарга туш болушат. Аялдар иштеген чакан ишкердик субъектилери бийик тобокел деңгээли жана

рыноктогу туруксуздук шарттарында аракеттенишет. Тышкы экономикалык шарттарга өзгөчө сезгичтик, насыя алуудагы кыйынчылыктар, криминалдык кырдаал ишкердин ишмердүүлүгүн татаалдаштырат.

Аялдардын ишкердигинин дагы бир өзгөчөлүгү катары алардын кандайдыр-бир мейкиндикте жайгашуусун жана алардын чакан жана орто бизнестерине аймактык шарттардын таасирин белгилесек болот.

Ош облусунун калкын иш менен камсыз кылуу спецификалык, аймактык мүнөздөмөлөргө ээ. Эмгекти аймактык бөлүштүрүүдө Ош облусу Кыргызстандын түштүктө жайгашкан сырьёлук эмес эң чоң агрардык-индустриалдык региону катары кызмат кылат. Ош облусунун эл чарба түзүмүнүн башка сырьёлук эмес региондордон негизги айырмачылыктарына экономикада агрардык сектордун басымдуулук кылышы, адистешүү тармактарынын рынок шарттарына ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөндүгү, перифериялык экономикалык-географиялык жайгашуусу кирет.

Ишкердикти чагылдыруучу кийинки жагдай - бул аялдардын жалпы иш менен камсыз болушу жана ар түрдүү экономикалык ишмердүүлүк менен алек болушу. Аялдардын ишкердиги алардын жалпы жумуш аткаруусу менен тыгыз байланышта болот.

Ош облусунда аялдардын экономиканын тармактары боюнча бөлүштүрүлүшү аялдар стереотибин жаратып, айрым чөйрөлөрдүн: саламаттыкты сактоо, билим берүү, маданият жана искусство, каржы, насыя, камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо тармактарынын феминизацияланышынан кабар берет (1-таблица).

1-таблица – 2015-жылы Ош облусунун экономика тармактарынын аялдардын концентрациялануу даражасы боюнча топтоштурулушу

| Тармакта иш менен камсыз болгон аялдардын санынын үлүшү, % | Экономиканын тармактары |
|---|---|
| 30га чейин (төмөн концентрация) | токой чарбасы, курулуш, ишмердүүлүктүн башка түрлөрү, материалдык өндүрүштүн чөйрөлөрү |
| 30дан 50гө чейин (орточо концентрация) | өнөр-жайы, айыл чарбасы, транспорт, материалдык-техникалык камсыздоо жана сатуу, даярдоо, маалыматтык-эсептөө тейлөөсү, кыймылсыз мүлк менен операциялар, турак-жай-коммуналдык чарбасы, илимий уюмдар, башкаруу |
| 50дөн 70ке чейин (жогорку концентрация) | байланыш, соода жана коомдук тамактануу, рыноктун иштешин камсыз кылуу боюнча жалпы коммерциялык ишмердүүлүк, мейманканалар жана ресторандар, туристтик бизнес, ижара жана кыймылсыз мүлк менен операциялар |
| 70тен жогору (максималдык концентрация) | саламаттыкты сактоо, социалдык камсыздоо, билим берүү, маданият жана искусство, каржы, насыя, камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо |

*Булагы: автор тарабынан Ош облустук статистикалык башкармалыгынын маалыматтарынын негизинде түзүлгөн*

Калыптанып калган эмгекти бөлүштүрүүгө ылайык аялдар экономиканын мамлекеттик секторунда, анын ичинен эмгек акынын деңгээли салыштырмалуу төмөн болгон социалдык-маданий мекемелерде иштешет

Ар кандай жумуштун жыйынтыгы акы төлөө менен белгиленет. Ош облусунун эмгек акы деңгээли жогору болгон айрым экономика тармактарында аялдардын үлүшүнүн азайышынын эсебинен иш менен камсыз болгондордун жынысы боюнча курамынын өзгөрүү тенденциясы даана байкалат (2-таблица).

2-таблица - 2008-2015-жылдарга Ош облусунда экономика тармактары боюнча иш менен камсыз болгон аялдардын үлүшү *(тармактын кызматкерлеринин санына % менен)*

| Экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | **42,4** | **41,9** | **42,5** | **41,7** | **41,3** | **40,9** | **39,8** | **40,8** |
| Айыл чарбасы, мергенчилик, токой чарбасы жана балык чарбасы | 41,2 | 41,9 | 42,7 | 40,5 | 39,0 | 40,2 | 41,4 | 44,5 |
| Тоо-кен казып алуу өнөр-жайы | 8,9 | 6,1 | 9,0 | 13,2 | 13,9 | 5,4 | 21,7 | 15,7 |
| Кайра иштетүү өнөр-жайы | 44,8 | 44,4 | 45,1 | 46,9 | 49,4 | 48,4 | 50,6 | 52,2 |
| Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 22,2 | 18,8 | 19,3 | 18,1 | 17,0 | 14,3 | 11,7 | 13,9 |
| Курулуш | 5,4 | 4,7 | 4,8 | 4,4 | 4,1 | 5,0 | 4,1 | 5,2 |
| Соода; автоунааларды, тиричилик жана жеке пайдалануу буюмдарын ондоп-түзөө | 48,9 | 48,8 | 51,4 | 50,6 | 50,1 | 47,4 | 42,8 | 38,3 |
| Мейманкана жана ресторан кызматтарын көрсөтүү | 65,1 | 61,3 | 64,8 | 68,7 | 71,0 | 70,0 | 65,8 | 64,1 |
| Транспорт жана байланыш | 16,6 | 16,1 | 14,3 | 11,7 | 11,4 | 8,0 | 4,7 | 6,0 |
| Каржы ишмердүүлүгү | 54,9 | 63,9 | 55,7 | 51,1 | 48,6 | 39,0 | 44,3 | 38,5 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүү | 45,5 | 45,0 | 41,2 | 43,1 | 37,6 | 51,8 | 83,7 | 89,2 |
| Мамлекеттик башкаруу | 34,1 | 36,9 | 36,7 | 40,5 | 42,7 | 37,1 | 32,4 | 34,9 |
| Билим берүү | 72,4 | 75,5 | 76,0 | 76,6 | 76,6 | 76,6 | 78,3 | 78,6 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды көрсөтүү | 76,2 | 79,5 | 78,4 | 79,6 | 80,3 | 85,9 | 85,1 | 83,3 |
| Коммуналдык, социалдык жана персоналдык кызматтарды көрсөтүү | 47,2 | 50,0 | 55,3 | 58,2 | 56,6 | 48,7 | 39,1 | 45,0 |
| Үй чарбасын жүргүзүү боюнча кызматтар | 44,3 | 34,0 | 39,0 | 46,4 | 32,6 | 51,7 | 21,3 | 24,7 |

*Булагы: Улуттук статистика комитети. Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2006-2010-жж., 2010-2014-жж., 2011-2015-жж.*

2-таблицадан көрүнүп тургандай, 2008-2015-жылдары Ош облусунда экономиканын тармактарында жалпы иш менен камсыз болгон аялдардын үлүшү орто эсеп менен 41,4% түзөт. Каралып жаткан мезгил аралыгында экономикалык ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүндө аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээлинин төмөндөшү байкалат: электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүдө - 8,3%га, транспорт жана байланышта

– 10%га, үй чарбасын жүргүзүү боюнча кызматтар чөйрөсүндө – 19,6%га, каржы ишмердүүлүгүндө –16,4%га, соода; автоунааларды, тиричилик жана жеке пайдалануу буюмдарын оңдоп-түзөө тармагында –10,6%га кыскарган. Ошол эле мезгилде аялдардын иш менен камсыз болушу тоо-кен өнөр-жайында 6,8%га, кайра иштетүү өнөр-жайында – 7,4%га, саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды көрсөтүүдө – 7,1%га, билим берүү системасында – 6,2%га көбөйгөн, кыймылсыз мүлк менен операцияларды аткарууда, ижарага берүү жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүүдө иш менен камсыз болгон аялдардын үлүшү айрыкча көбөйгөн - 43,7%, бул аялдардын ишкердиктин ушул түрүн өнүктүрүүгө кызыгуусу артканын көрсөтөт.

Аялдардын ишкердик климатына таасирин тийгизген факторлордун бири болуп алардын билим деңгээли эсептелет. Аялдардын билим деңгээли азыркы мезгилде салыштырмалуу жогору (3-чийме).




3-чийме – 2015-жылы Ош облусунун экономикасында иш менен камсыз болгон аялдардын жана эркектердин билим деңгээли (тиешелүү жыныстагы иш менен камсыз болгондордун санына % менен)
*Булагы: автор тарабынан түзүлгөн*

2015-жылы Ош облусунда иш менен камсыз болгон 1000 аялга жогорку жана толук эмес жогорку кесиптик билими бар 243 аял, иш менен камсыз болгон 1000 эркекке 166 жогорку билимдүү киши туура келген, ал эми атайын орто билимдүүлөр тиешелүү түрдө 357 жана 249 болгон.

Аялдын билим деңгээли канчалык жогору болсо, анын коомдук эмгекте өз ордун табууга, статустук мүнөздөмөлөрүн жогорулатууга, коомго таанылууга, карьера жасоого умтулуусу ошончолук жогору болору талашсыз. Бирок, билим деңгээли жогору болгондугуна карабастан, аялдар престижи төмөн жана эмгек акысы аз жумуш орундарында эмгектенишет.

Аялдардын ишкердигине терс таасирин тийгизүүчү дагы бир көрүнүш катары жер-жерлердеги үрп-адаттарды, каада-салттарды белгилөөгө болот.

Алсак, турмушка чыккан кыздар 40 күнгө чейин үйдөн чыкпаш керек деген салт кээ бир жерлерде ушул күнгө чейин сакталып келет. Эгерде, күйөөгө чыккан кыз ишкер же студент болсо, анда 40 күнгө чейин жумушун таштоого туура келет. Мындан тышкары, күйөө тарабынан калың берүү адаты дагы эле кеңири колдонулат. Бул кыз-келиндерди финансылык жактан белгиүү деңгээлде көз карандылыкка алып келүү менен алардын ишкердик жөндөмдүүлүгүнүн ишке ашырууга айрым чектөөлөрдү киргизет.

Аялдардын ишкердик чөйрөсүн изилдөөдө өзгөчө жетекчи аялдардын пикирлерине көңүл буруу зарыл.

Жетекчи-аялдардын позициялар, алардын эркек коллегаларынын пикиринен анчалык айырмаланбайт. Мындан тышкары, эмгек рыногунда пенсияга жакын курактагы адамдарды, айрыкча 45 жаштан жогорку аялдарды жумушка кабыл алууда дискриминация байкалат. Демек, 30 жаштан 40 жашка чейинки, күйөөсү жана чоңоюп калган балдары бар аялдар гана эмгек рыногунда эркектер менен тең атаандаша алат.

Аялдардын ишкердик деңгээлин биринчи кезекте ишкерлердин саны менен мүнөздөөгө болот (3-таблица).

3-таблица - 2015-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасындагы жана Ош облусундагы ишкерлердин саны, (*адам*)

| | Жетекчилердин саны (юридикалык жактар) | | | | | | Жеке ишкерлер | | Дыйкан (фермердик) чарбалардын жетекчилери | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Ири | | Орто | | Чакан | | | | | |
| | Саны | Үлүшү % | Саны | Үлүшү % | Саны | Үлүшү % | Саны | Үлүшү % | Саны | Үлүшү % |
| **Кыргыз Республикасы** | | | | | | | | | | |
| Аялдар | 539 | 30,0 | 1283 | 34,4 | 6011 | 29,4 | 94987 | 34,3 | 50530 | 17,6 |
| Эркектер | 1255 | 70,0 | 2452 | 65,6 | 14403 | 70,6 | 181753 | 65,7 | 236792 | 82,4 |
| **Ош облусу** | | | | | | | | | | |
| Аялдар | 57 | 36,3 | 189 | 34,7 | 524 | 28,7 | 16323 | 27,6 | 14430 | 20,7 |
| Эркектер | 100 | 63,7 | 356 | 65,3 | 1302 | 71,3 | 42817 | 72,4 | 55230 | 79,3 |

*Булагы: УСК «Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер» жыйнагы, 2015-ж.*

Таблицадан көрүнүп тургандай, ишкер-эркектердин саны ишкер-аялдардын санына салыштырмалуу 1,5 эсе көп, анткени аялдардын экономикалык активдүүлүгүнүн деңгээли эркектердикинен 1,5 эсе төмөн. Мындай көрүнүш бизнестин бардык формаларында (чакан, орто, ири ишканаларда) республика боюнча жана Ош облусу боюнча да байкалат.

Жетекчи кызматтагы аялдарды белгилүү деңгээлде ишкер аялдар менен салыштырууга болот. Анткени, алардын аткарган жумушунун басымдуу бөлүгү (тактап айтканда уюштуруу, жоопкерчилик, стратегия түзүү, максат коюу ж.б.) окшош. Айырмасы - ишкер аялдарга ишкана менчиктин жеке формаларынын негизинде таандык.

Акыркы мезгилде социалдык тармактарда, башкача айтканда билим берүүдө, саламаттыкты сактоодо жеке менчик мекемелер, окуу жайлар пайда болуп, аларды аялдардын башкаруу тенденциясы күчөдү. Бул бизнестин муктаждыктарын канааттандыруу функциясы менен бирге пайда чыгаруу функциясын да аялдар аткарып жаткандыгынан кабар берет.

Жогорудагы тенденцияларды график түрүндө чагылдырып көрөлү (4-чийме).




4-чийме. Кыргыз Республикасынын облустары боюнча ишкерлердин ичинен жетекчи-аялдардын үлүшү, %

*Булагы: статистикалык маалыматтардын негизинде автор түзгөн*

Келтирилген диаграммадан көрүнүп тургандай, Ош облусунда, Ош шаарында жана республика боюнча аялдар жалпы ишкерлердин болжол менен 1/3 түзүп, ишкердик жаатында аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээли төмөн. Ишкер-аялдар ишкер-эркектерге караганда өлчөмү кичине ишканаларга ээлик кылышып, негизинен тейлөө чөйрөсүндө, кайра иштетүү жана жеңил өнөр-жайы тармактарында, ошондой эле кол өнөрчүлүктө жайгашкан [2]. Ишкер-аялдар жетектеген ишканалардын ийгиликке жетүү көрсөткүчү, эреже катары, эркектер жетектеген компаниялар менен фирмаларга караганда төмөн, бул аялдардын тобокелге баруу жөндөмүнүн төмөндүгү жана аялдар ишкердигинин масштабдарын чоңойтуу зарылдыгы менен түшүндүрүлөт.

Ишкердикти талдоодо бизнестин структурасын, анын ичинде аялдар басымдуулук кылган структуралардын экономикалык натыйжаларынын анализин жүргүзүү зарыл.

Калктын иш менен камсыз болуусунун экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча жана жынысы боюнча бөлүштүрүлүшүнүн анализи аялдардын негизги массасы айыл-чарба өндүрүшүндө, соода тармактарында, ал эми эркектер курулуш, транспорт, өнөр-жай тармактарында эмгектенээрин көрсөттү.

Жогорудагылардан тышкары аялдар ишкердигинин келечектеги абалын, б.а. тенденцияларын аныктоо талап кылынат. Биздин оюбузча, мындай тенденциялар коомдогу өндүрүш күчтөрүнүн жана өндүрүш мамилелеринин өзгөрүшүнө жараша болот. Тагыраак айтканда, глобалдык экономика шарттарында өндүргүч күчтөрдүн сандык жана сапаттык өсүүсү илимдин, техниканын, технологиянын өнүгүшүнө жана инновациялык иш-аракеттерге жараша болот. Башкача айтканда, илим, техника, технологиялар, уюштуруу маселелери өнүгүү процессинде негизги ролду ойноп, өндүрүштү маалыматтык камсыздоодо негизги ролду ойноп, эмгектин структурасына, анын ичинде эмгекке эркектер менен аялдардын салымына бир топ өзгөрүүлөрдү киргизет.

Аялдардын ишкердик чөйрөсүн талдоодо айыл жерлериндеги ишкердиктин анализи өзгөчө мааниге ээ. Анткени республиканын калкынын үчтөн эки бөлүгүнөн ашыгы айыл жерлеринде жашайт. Алардын ичинен жарымынан ашыгын аялдар түзөт.

Мындан тышкары, өлкөнүн ичинде жана башка өлкөлөргө эмгек миграциясынын акыркы мезгилдеги динамикасы аялдардын ишкердигине эки жактуу таасирин тийгизүүдө. Биринчиден, аялдар үй-тиричилигине байланыштуу бизнести өркүндөтүүгө, анын ичинен үй жандыктарын жана канаттууларын кармоо жана андан экономикалык пайда табуу менен алектениши мүмкүн. Ошондой эле кол-өнөрчүлүгүн өркүндөтүү, айыл-чарба продукцияларын баштапкы өндүрүү операцияларын жүргүзүү, соода иштери менен алек болгондордун саны көбөйүүдө. Экинчиден, аялдарга көбүрөөк мүнөздүү болгон социалдык тармактардагы ишкердиктин өнүгүп жатканы байкалат. Мындай тенденциялардын келечекте дагы өсүү мүмкүнчүлүгү бар экендиги аныкталды.




5-чийме. Аялдар бизнесинин чөйрөлөрүнүн рейтинги

*Булагы: SIAR research&consulting компаниясы тарабынан жүргүзүлгөн сурамжылоонун негизинде түзүлгөн*

Аялдар ишкердигин уюштуруу үчүн эң ийгиликтүү тармактардын катарына тигүү өндүрүшү, билим берүү жана соода тармактары кирди. Биздин изилдөөлөргө ылайык, аялдардын ишкердигинин жогорудагы рейтинги айыл жерлерине да туура келет. Анткени учурда айыл жерлеринде аялдар тарабынан айыл-чарбасы менен байланышпаган ишкердиктин түрлөрү (кол-өнөрчүлүк, кайра иштетүү, социалдык тармактагы жумуштар ж.б.) динамикалык өсүүгө ээ.

**Үчүнчү бөлүм «Аялдар ишкердигинин өнүгүүсүнүн негизги багыттары»** деп аталып, аялдар ишкердигинин өнүгүүсүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнү жакшыртуу; региондогу аялдар ишкердүүлүгүнүн алгылыктуу багыттары; өнүгүү фондун түзүү аркылуу аялдардын ишкердигинин өсүүсүн моделдештирүү маселелери каралган.

Аялдардын ишкердик чөйрөсүн өнүктүрүүнү баарынан мурда алардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатып, ишкердик ыкмаларын үйрөтүү менен байланыштырууга болот. Бул багытта биринчи кезекте мамлекет тарабынан колдоо талап кылынат. Буга төмөнкү жагдайлар негиз болот.

Биринчиден, аялдардын эмгекке жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен жумуш орундарын түзүү жана аны өнүктүрүүдө аялдардын ишкердик сапаттарын пайдалануу. Мындай жагдай өзгөчө айыл жерлерине таандык, анткени айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдө жана мал чарбасында, мисалы, пахта, тамеки, кант кызылчасы, жашылча-жемиштерди өстүрүүдө, саанчылык, сүт азыктарын өндүрүүдө ж.б. аялдардын эмгеги көп талап кылынат.

Республикада жана региондо аялдар ишкердигин өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү чакан ишкердикке мамлекеттик колдоо көрсөтүү программаларынын алкагында жүргүзүлөт. Аялдар ишкердигин өнүктүрүүнү жөнгө салган мыйзам нормаларынын жоктугу аны калыптандырууга өз кедергисин тийгизет.

Аялдардын ишкердигин күчөтүү жер-жерлерде конкреттүү иш-чараларды жүргүзүүнү талап кылат да, ар түрдүү натыйжа бере турган долбоорлорду ишке ашырууну талап кылат. Тилекке каршы, Ош облусунда аялдардын ишкердигин активдештирүү маселеси максаттуу түрдө каралбай жатат.

Мамлекет тарабынан аялдардын ишкердигин кеңейтүүнүн негизги чараларына каржылык колдоо көрсөтүү кирет. Муну менен бирге ишкердиктин кээ бир түрлөрүнө салыктык жеңилдиктерди берүүнү айтсак болот. Мисалы, аялдардын ишкердигине таандык ишканаларды алгачкы бир же эки жылга салыктардан бошотуу, ал эми айрым чөйрөлөрдө салык ставкаларынын өлчөмүн азайтуу максатка ылайык.

Ишкердикке колдоо көрсөтүү чараларынын ичинен аялдарды ишкердикке үйрөтүү маселеси актуалдуу деп ойлойбуз. Анткени, аялдардын бизнес ишканаларын ачууда жана алардын чарбалык иштерин жүргүзүүдө эркектерге салыштырмалуу көбүрөөк көйгөйлөр бар. Буга өзүнүн ишин ачуу аялдар үчүн жеңилби, же эркектер үчүнбү деген суроого Ош облусунун жашоочуларын сурамжылоонун натыйжасында топтоштурулган төмөнкү маалыматтар далил болот (4- табл.).

Респонденттердин басымдуу бөлүгү (67,2%) ишкердиктин ийгилигин адамдын жынысы эмес, жеке мүнөздөмөлөрү менен байланыштырышат. Бирок аялдар үчүн ишкана ачуу бир топ татаал экендиги талашсыз.

4-таблица - Ишкердикти жүргүзүү ийгилиги тууралуу суроого респонденттердин жообу

| Жооп | Эркектер | Аялдар | Экөө тең |
|---|---|---|---|
| Эркектерге | 32,9% | 28,8% | 29,8% |
| Аялдарга | 1,2% | 0,9% | 1% |
| Жынысы мааниге ээ эмес | 62,6% | 68,9% | 67,2% |
| Башка | 1,4% | 2,4% | 1,3% |

*Булагы: автор тарабынан түзүлгөн*

Ошону менен бирге аялдар менен эркектердин ишкердик менен алектенүү себептери каралып чыккан (5-таблица).

5- таблица - Ишкердик менен аялдардын жана эркектердин алектенүү себептери, 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча, %.

| Себептер | Аялдар | Эркектер |
|---|---|---|
| өзүнө өзү кожоюн болгусу келет | 27 | 25 |
| рыноктогу кирешелүү бизнес мүмкүнчүлүгүн көрүшөт | 26 | 25 |
| башка эч жерден иш/жумуш таба албаганы | 12 | 17 |
| бизнесте каалагандай жана качан болсо да иштей алышат | 20 | 17 |
| ишкердиктин башка түрү менен алектенүүгө квалификациясы жетишсиз жана жок | 9 | 10 |
| мурунку жумушунан ажыраган же ишин жоготкон | 3 | 4 |
| Башка | 3 | 2 |

*Булагы: автор "Коомдук гендердик маселелерди кабыл алуусу (улуттук иликтөөнүн жыйынтыктары)" деген аталыштагы изилдөөчүлүк басылманын негизинде түзгөн*

Таблицада көрсөтүлгөндөй, сурамжыланган топчолордогу эркектердин 25% жана аялдардын 27% эч кимге баш ийбей, өзүнө өзү кожоюн болгусу келүү максатында бизнесин ачкан. Ал эми рыноктогу кирешелүү бизнес мүмкүнчүлүгүн 26% эркектер жана 25% аялдар көргөндүгүн байланыштырып бизнести ачууга түрткү болгондугун айтышты. Аялдардын 12% жана эркектердин 17% бизнестеги аракеттердин эркиндигин белгилешти. Ошондой эле башка эч жерден жумуш таба албаган аялдардын 12%, эркектердин 17% ишкердикте өз ордун табышкан. Ишкердиктин башка түрү менен алектенүүгө квалификациясы жетишсиз жана жок экендигин аялдардын 9% жана эркектердин 10% кабарлаган.

Кыргыз Республикасынын 7 облус жана 2 шаарында эмгектенип жаткан ишкер айымдарды сурамжылоонун жыйынтыгында аймактардын ишкер аялдарынын ишкердик менен алектенүү негиздеринин биринен-бири өтө чоң айырмачылыктары аныкталды (6-чийме).




6-чийме. - Кыргыз Республикасында ишкердик менен аялдардын жана эркектердин алектенүү себептери, 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча, %.

6-чиймеде көрсөтүлгөндөй Ош облусунда өзүнө өзү кожоюн болгусу келген ишкер аялдар 8,5%ды түзсө, ал эми Баткен менен Нарында бизнес менен алектенген айымдардын саны 37,1% жана 31,1%ди түздү. Рыноктогу кирешелүү бизнес мүмкүнчүлүгүн Ош облусунун 15,1% ишкер айымдары таап көрсө, ошол эле учурда рынок мыйзамдарын Жалал-Абад (36,8%), Ысык-Көл (40,6%), Бишкек (34,1%) жана Ош (25,8%) шаарларынын бизнес чөйрөсүндөгү айымдары тез өздөштүрө алышканы байкалат. Ош облусунун ишкер аялдарынын башка эч жерден жумуш таба албаган (28,3%) жана ишкердиктин башка түрү менен алектенүүгө квалификациясы жок жана жетишсиз (20,4%) себептери, мамлекетибиздин башка дубан, шаарларына караганда өтө жогору, мунун себебин облустун жер-жерлеринде аялдардын арасында жумушсуздуктун көмүскө түрүнүн дагы эле сакталышы, жумушка алууда дискриминациянын айрым элементтеринин тастыкталышы, ошондой эле көп балалуу болуу үй-бүлөлүк принцибинен көрө алабыз.

Аялдардын ишкердигин өнүктүрүүдө региондордун өзгөчөлүктөрүн эске алып, алгылыктуу багыттарды аныктоо да чоң роль ойнойт. Адамдар территориялык принципте жайгашкан соң, аймактык экономика, аймактык жашоо деңгээли, аймактык өнүгүү ж.б.у.с. түшүнүктөрдүн болушу табигый нерсе. Мындан улам аялдардын ишкердигинин натыйжалуулугун көтөрүүнүн бирден-бир зарылдыгы - бул калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу жана жакырчылыкты жоюу болуп эсептелет.

Аялдардын ишкердигинин өнүгүшүнүн негизин инновациялык ыкмалар түзөт. Анткени, ишкердиктин мазмуну жана маңызы инновацияны билдирет эмеспи. Башкача айтканда, ишкердик процесси эч убакта бир орунда турбай, дайыма кыймылда болот да, чыгармачылыкты, изденүүнү талап кылып, улам жаңылыктарды киргизүү менен айырмаланат.

Биз региондогу аялдардын ишкердигин өнүктүрүүнү системалык шартта карап чыгып эки жыйынтыкка келдик. Мунун биринчиси, атайын регионалдык фонд түзүү

аркылуу өнүктүрүү, экинчиден ар түрдүү мотивациянын негизинде түзүү ишкердикти өнүктүрүүнүн моделдерин түзүү. Мында ишкердикке таасирин тийгизүүчү факторлор жана мотивация катары башкаруунун эки деңгээли каралат: жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана ишкердик ишканасы. Ишканалардын деңгээлинде ишкердикке таасир берүүчү факторлорго биз төмөнкүлөрдү киргиздик:

- ишкердикти өнүктүрүү максатында инвестицияларды тартуу;
- өндүрүштүк ишкананын экономикалык потенциалын өстүрүү;
- салык төлөөнүн деңгээли;
- мамлекет тарабынан ишкердикке колдоо көрсөтүүнүн абалы.

Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде ишкердикке таасир берген факторлор төмөнкүлөр:

- ишкердик түзүмдөрү тарабынан жергиликтүү ресурстарды пайдалануунун өсүү темпи;
- потенциалды колдонуунун даражасы;
- рыноктогу атаандаштыкка жөндөмү жок ишкердик ишканаларынын саны;
- аймактагы ишкердиктин базалык мезгилге салыштырмалуу өсүүсү.

Ош облусу боюнча 12ге жакын чарба субъектилери тандалып алынып, ишкерлер жана жетекчилердин пикирлерине ылайык ишкердикти өнүктүрүүнүн багыттары аныкталды. Бул жумушта кеңири түрдө 8 позициядан турган чиймелер аркылуу берилди.

Биз түзүүнү сунуш кылган Аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүү Фондунун уюштурууучулук түзүмү төмөнкү чиймеде берилди (7-чийме).




7-чийме. Аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүү Фондунун уюштурууучулук түзүмү

*Булагы: автор тарабынан түзүлгөн*

Фонд бардык каалоочулар үчүн жеткиликтүү болууга тийиш, башкача айтканда маалыматтык, юридикалык, финансылык колдоо көрсөтүү шарттары жөнүндө маалымат кеңири таркатылышы керек. Фонддун ишинин натыйжалуулугу аялдар жетектеген чакан ишканаларды калыптандыруунун, жандандыруунун жана өнүктүрүүнүн темптеринин жогорулашы менен аныкталат.

## Тыянактар жана сунуштар

Изилдөөлөрдүн негизинде төмөнкүдөй корутундуларды жасоого болот.

1. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, аялдардын иш менен камсыз болуусу жана алардын ишкердик ишмердүүлүгү бардык өлкөлөрдө экономиканын өсүшүндө чоң мааниге ээ. Өзгөчө Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан бери аялдардын ишкердигине жаңыча көз караште карап, анын маңызын жана мазмунун тактоо талабы чыкты. Биздин оюбузча аялдардын ишкердигинин максаты экономикадагы муктаждыктарды таап, аларды өз убагында жана сапаттуу канааттандыруу, ошол эле учурда өзүнө пайда табуу болуп эсептелет. Аялдардын ишкердиги негизинен чакан жана орто бизнес менен байланышкан. Экономиканын чакан бизнес сектору рыноктук мамилелер шарттарында мааниси, өлкөнүн ички дүң продукциясындагы үлүшү жагынан орчундуу орунду ээлейт. Бул чакан бизнестин бири-бири менен тыгыз байланышкан, негиздүү төмөнкү үч функциясы: экономикалык, социалдык жана саясий функциялары аркылуу аныкталат.

2. Кыргызстанда аялдар бизнесинин оор социалдык экономикалык шарттарда калыптанышы аргасыздык мүнөзүндө болуп, аялдардын өздөрүнүн демилгеси менен жүрөт. Өлкөдө жүргүзүлгөн менчиктештирүүнүн натыйжасында аялдарга бизнес менен алектенүү үчүн өтө аз мүмкүнчүлүктөр берилген. Спецификасына карабастан, аялдар ишкердиги ар облуста ар кандай деңгээлде өнүгүүдө. Баштапкы капиталдын жоктугу аялдар ишкердигин өнүктүрүүгө тоскоол болгон менен, аны мамлекеттин экономикалык турмушунан сүрүп чыгарган жок. Аялдар ишкердигин өнүктүрүүнүн өзгөчөлүгү болуп бизнестин өнүгүшүнө тоскоол болгон көйгөйлөрдүн спецификалык мүнөзү саналат. Алардын ичинен коомдук аң-сезимге экономикадагы аялдардын тажрыйбасын баалоонун стереотиптерин жоюу жана аялдар үчүн рынок системасынын ресурстары менен мүмкүнчүлүктөрүнүн бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу чоң мааниге ээ.

3. Аялдар ишкердигине таасирин тийгизүүчү факторлорго аялдардын ишкердигинин өзгөчөлүктөрүнө ылайык төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

- аялдардын үй-бүлөдөгү, коомдогу ордун объективдүү баалоо жана алардын эмгегин туура өлчөө;
- аялдардын экономикалык активдүүлүгүнүн салыштырмалуу төмөндүгү;
- жумушсуздуктун жогорку деңгээли жана узакка созулушу;
- жакырчылыктын феминизациясы, аялдардын экономиканын эмгек акы жогору тармактарынан сүрүп чыгарылышы;

- аялдар эмгегине акы төлөөнүн төмөн деңгээли, эмгек жана иш менен камсыз кылуу чөйрөлөрүндө дискриминациялануу тенденциясынын өсүшү;

- аялдардын эмгек рыногунда атаандаштыкка жарамдуулугунун төмөндөшү.

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун иш менен камсыз кылуу чөйрөсүнүн анализи рынок экономикасынын калыптанышы эмгек рыногунун гендердик сегменттелишине, жыныстар арасында экономикалык теңсиздиктин тереңдешине алып келди деп жыйынтык чыгарууга негиз берет. Облустагы аялдардын иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү абалын мүнөздөөчү дээрлик бардык индикаторлордун динамикасы негативдүү болгон. Азыркы мезгилде аялдарды иш менен камсыз кылуунун негизги белгилерине айрым кесиптер менен тармактардын феминизацияланышы, эмгекке акы төлөөдөгү ажырым, аялдардын кесиптик горизонталдык жана вертикалдык сегрегациясы, жыныстар ортосунда кесиптик-ишкердик атаандаштыктын күчөшү, ишке кабыл алуудагы дискриминация кирет. Экономиканы реформалоо жана рынок мамилелери аялдардын социалдык-экономикалык жана жеке абалын начарлатып, иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү гендердик тең салмактуу көйгөйүн курчутту деп жыйынтык чыгарууга болот.

4. Биздин оюбузча аталган көйгөйлөр аялдардын ишкердигинин абалына да тиешелүү. Аялдардын ишкердик абалы эркектердикине салыштырмалуу начар жана ушундай эле айырмачылык региондордун арасында да байкалат. Ош облусунда аялдардын ишкердик деңгээли республикалык деңгээлиөден бир аз төмөндүгү аныкталды.

5. Аялдардын ишкердик чөйрөсүнө жигердүү кириши эң оболу мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүүнү талап кылат. Диссертациялык изилдөөнүн максатына ылайык рынок экономикасынын шарттарында аялдарды иш менен камсыз кылуунун маңызын жана көйгөйлөрүн теориялык-практикалык изилдөөнүн негизинде аялдар ишкердигине регионалдык деңгээлде колдоо көрсөтүү багытында сунуштар жана рекомендациялар иштелип чыкты. Алардын негизгилери төмөнкүлөр: салыктык жеңилдиктер, аялдарды ишкердикке үйрөтүү, аялдар ишкердигин массалык маалымат каражаттарында кеңири пропагандалоо, жергиликтүү жана өкмөттүк органдар тарабынан материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүү, инвестициялык жагымдуу шарттарды түзүү.

6. Региондогу аялдардын ишкердигин өркүндөтүүнүн алгылыктуу багыттары аныкталды. Алардын ичинен эң негизгилери катары региондогу ишкердик потенциалын кеңири колдонуу, жергиликтүү шарттарга ылайыкташкан чакан жана орто бизнести, өзгөчө кол өнөрчүлүк багытында бизнести өркүндөтүү, үй бүлөлүк бизнести легалдаштыруу, аялдардын ишкердик ассоциацияларын, коомдорун жана башка уюмдарын түзүү белгиленди.

7. Аялдардын ишкердигин өнүктүрүүдө каржы булактарынын маанилүүлүгүн эске алуу менен Аялдар ишкердигин өнүктүрүү фондусун түзүү сунушталды. Муну менен бирге аялдардын физиологиялык ишке

жөндөмдүүлүгүн жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алып, алардын ишкердик чөйрөсүн кеңейтүү боюнча сунуштар киргизилди. Анда өзгөчө айыл жерлериндеги социалдык мекемелерге, анын ичинен билим берүү, саламаттыкты сактоо, каржы жана насыя берүү тармактарында аялдар ишкердигин жолго салууга басым жасалды.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫККА ЧЫККАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ:


1. Астанова С.У. Социальная защита сельского населения в условиях рыночной экономики. [Текст]/ Астанова С.У., Алишева П. //Наука, образование техника. - Ош КУУ. -2012. -№3,4(41-42). –С.33-34.
2. Астанова, С.У. Интеграция женщин в процессе современного развития экономики в Кыргызской Республике. [Текст]/Астанова С.У.//Наука и новые технологии. - Бишкек ,2013. – С.106-108.
3. Астанова, С.У. Рационализации использования женских трудовых ресурсов в агропромышленном секторе Кыргызской Республики [Текст] / С.У. Астанова // Новое слово в науке: перспективы развития. - ЦНС “Интерактив плюс”. - Чебоксары, 2014. – С.238-242.
4. Астанова С.У. Современное состояние женских трудовых ресурсов в Кыргызской Республике [Текст]/Астанова С.У.//Известия ОшТУ. – 2014. - №1/2014 - С. 153-157.
5. Астанова С.У. Трудовые ресурсы в условиях рыночной трансформации экономики [Текст] /Астанова С.У.// Экономика. - Институт экономики им. акад. Д.А.Алышбаева НАН КР. - Бишкек ,2014. –№2(20).-С.45-50.
6. Астанова С.У. Некоторые вопросы женской безработицы и женского предпринимательства в регионах Кыргызстана. [Текст] /Астанова С.У.// Вестник ОшГУ. -2016. -№3. – С. 220-226.
7. Астанова С.У. Развитие женского предпринимательства в регионах Кыргызстана [Текст]/Астанова С.У., Кулуева Ч.Р.//Журнал научных публикаций «Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук». – Россия: Москва, 2016. - № 12 (110), - С. 53-57.
8. Астанова С.У. Состояние развития женского предпринимательства в сельских территориях Кыргызстана. [Текст]/Астанова С.У.//Журнал «Economics». – Издательство «Проблемы науки». – Россия: Москва, 2016. - №1(22). –М.: -С.49-55.
9. Астанова С.У. Некоторые вопросы развития женского предпринимательства в Кыргызстане: зарубежный опыт. [Текст] Журнал «Проблемы современной науки и образования».[Текст]/Астанова С.У., Кулуева Ч.Р.// Издательство “Проблемы науки”– Россия: Москва, 2017. - №2. –М.: -С.149-155.
10. Астанова С.У. Ош облусунда аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүү түзүмүн өнүктүрүү. [Текст]/Астанова С.У.// Известия ВУЗов Кыргызстана. –Б.:-2017. -№1. –С. 27-33.

**Астанова Саламат Ураимовнанын «Ош облусунда аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүү системасын өнүктүрүү» деген темада 08.00.05 - Экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** гендердик дискриминация, аялдарды иш менен камсыз кылуу, аялдар ишкердиги, аялдар ишкердиги, аялдар ишкердигинин конструкциясы, аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүү системасы, аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүү регионалдык фонду

**Изилдөөнүн максаты:** социалдык-экономикалык саясаттын башкы багыттарын негиздөө жана Ош облусунда аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүү системасын өнүктүрүү жолдорун иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** аялдар ишкердигинин өнүгүүсүнө таасирин тийгизген факторлор.

**Изилдөөнүн предмети** болуп белгилүү аймакта аялдардын ишкердигин өнүктүрүү процессинде жүрүп жаткан экономикалык жана социалдык мамилелер эсептелет.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** сурамжылоо, экономикалык-статистикалык, аналитикалык, салыштыруу, структуралык, экономикалык-математикалык.

**Алынган жыйынтыктар жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** ишкердиктин мазмунуна жана маңызына учурдун талабына ылайык айрым тактоолор жана толуктоолор киргизилди; ишкердиктин мүнөздөмөлөрү аныкталды; анын өнүгүшүнө таасирин тийгизген факторлор изилденди жана системалаштырылды; аялдар ишкердигинин учурдагы абалын талдоонун негизинде аны жакшыртуунун резервдери аныкталды; аялдардын ишкердигине мамлекеттик колдоо көрсөтүүнүн натыйжалуу багыттары тандалып алынды; ишкердикти өркүндөтүүнүн приоритеттүү багыттары иштелип чыкты; аялдардын ишкердигине колдоо көрсөтүү фондунун уюштуруучулук түзүмү сунушталды.

**Колдонуу чөйрөсү:** диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында жасалган практикалык рекомендацияларды аялдар ишкердигине колдоо көрсөтүүнүн мамлекеттик жана регионалдык программаларын иштеп чыгууда, аялдардын эмгек рыногундагы жана иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү абалын жакшыртуу стратегиясын аныктоодо пайдаланса болот. Диссертациялык изилдөөдөн алынган жыйынтыктар менен сунуштар «Ишкердиктин экономикасы» курсу боюнча лекцияларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертационной работы Астановой Саламат Ураимовны на тему: «Развитие системы поддержки женского предпринимательства Ошской области» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – Экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** гендерная дискриминация, женская занятость, женское предпринимательство, конструкция женского предпринимательства, система поддержки женского предпринимательства, региональный фонд поддержки женского предпринимательства.

**Цель исследования:** обоснование основных направлений социально-экономической политики и разработка путей совершенствования системы поддержки женского предпринимательства в Ошской области.

**Объект исследования:** факторы, оказывающие влияние на развитие женского предпринимательства.

**Предметом исследования** являются экономические и социальные отношения, происходящие в процессе развития женского предпринимательства.

**Методы исследования:** методы опроса, экономико-статистические, аналитические, сравнительные, структурные и экономико-математические.

**Полученные результаты и их новизна:** внесены уточнения и дополнения в сущность и содержание предпринимательства в соответствии с требованиями современности; определены основные характеристики предпринимательства; исследованы и систематизированы факторы, влияющие на его развитие; выявлены резервы улучшения женского предпринимательства на основе анализа его современного состояния; определены эффективные направления государственной поддержки женского предпринимательства; разработаны приоритетные направления совершенствования женского предпринимательства; предложена организационная структура фонда поддержки женского предпринимательства.

**Практическая значимость:** полученные конкретные результаты диссертационного исследования могут быть использованы при разработке государственных и региональных программ поддержки женского предпринимательства, определении стратегии улучшения состояния женщин на рынке труда и женской занятости. Выводы и предложения по результатам исследования могут быть использованы при разработке лекций по курсу «Экономика предпринимательства».

## SUMMARY

**dissertation work as of Astanova Salamat Uraimovna on a theme: "Development system of support of a female entrepreneurship in Osh region" for a degree Candidate of Economic Sciences in the specialty 08.00.05 – Economy and management of national Economy**

**Keywords:** gender discrimination, female employment, female entrepreneurship, design of female entrepreneurship, system of support female entrepreneurship, regional fund of support female entrepreneurship.

**Purpose of the study:** reasons for the main directions of social and economic policy and development of ways enhancement of system support of a female entrepreneurship in the Osh region.

**Object of the study:** the factors, exerting impact on development of a female entrepreneurship.

**Object of research** is the economic and social relations occurring in the process of development of a female entrepreneurship.

**Methods of the study:** methods of survey, economical and statistical, analytical, comparative, structural and economic-mathematical.

**The received results and their novelty:** amendments and additions are made to essence and content of an entrepreneurship according to requirements of the present; the main characteristics of an entrepreneurship are determined; the factors influencing its development are researched and systematized; allowances of improvement of a female entrepreneurship on the basis of the analysis of its current state are revealed; the effective directions of the state support of a female entrepreneurship are determined; the priority directions of enhancement of a female entrepreneurship are developed; the organizational structure of fund of support of a female entrepreneurship is offered.

**Practical importance:** the received specific results of a dissertation research can be used in case of development of the state and regional programs of support of a female entrepreneurship, determination of strategy of improvement of a condition of women in the labor market and female employment. Conclusions and offers on results of a research can be used in case of development of lectures on a rate "Entrepreneurship Economy".

Басууга кол коюлду 21.02.2017
Офсет кагазы. форматы 60х84
Көлөмү 2  б.т.
Нускасы 100 даана. №05227 буйрутма

ОшТУнун РББ басып чыгарылды,  Ош ш., Исанов көчөсү, 81.